Kyrgyz - Promises Scriptures

Башталыш 20:6 Ошондо Кудай түшүндө ага мындай деди: Сен муну таза жүрөк менен кылганыңды Мен билемин, ошондуктан сени ага тийгизбей, Мага каршы күнөө кылуудан сактап калдым.

Египеттен Чыгуу - Мисирден Чыгуу 35:21,26 Бул ишке жүрөгү тарткандардын бардыгы, өз каалоосу менен бергиси келгендердин бардыгы Жыйын чатырын орнотуш үчүн, анын бардык керектөөлөрү үчүн жана ыйык кийимдер үчүн Теңирге арнаган тартууларын алып келишти. 26 Бул ишке жүрөгү тарткан, жип ийиргенди билген аялдар эчкинин тыбытынан жип ийиришти.

Сандар 10:35 Келишим сандыгын көтөргөндөр жолго чыкканда, Муса мындай дечү: Теңир, ордуңан тур! Сен ордуңан турганда, Сенин душман-дарың чачырап кетсин, Сени жек көргөндөр Сенин жүзүңдөн качсын!

Мыйзамды Кайталоо 2:25 Мен бүгүндөн баштап, жер үстүндөгү элдерди сенден коркуп, үрөйү уча тургандай кылам. Сен жөнүндө уккандар сенден коркуп, үрөйү уча турган болушат, – деген.

Мыйзамды Кайталоо 9:3 Билип кой азыр, Кудай-Теңириң бардыгын жалмап жиберүүчү оттой болуп, сенин алдыңда бара жатат. Теңир аларды кырат, сага багынтып берет; Теңир сага айткандай, сен аларды кууп жибересиң, тез эле кырып саласың.

Жешуя - Жашыя 2:9 аларга мындай деди: Теңир бул жерди силерге бергенин билем, анткени силер бизге коркунуч туудурдуңар, бул жерде жашагандар силерден коркуп жатышат.

1 Шемуел 17:48,50 Пелиштилик туруп, Дөөттү карай басканда, Дөөт катарды көздөй тез жүгүрүп, анын алдынан чыкты. 50 Ошентип, Дөөт салмоор жана таш менен пелиштиликти жеңди, ал пелиштиликти өлтүрдү. Дөөттүн колунда кылыч жок эле.

Эстер 8:17 Падышанын буйругу менен токтому жеткен бардык дубандарда, бардык шаарларда, бардык жерлерде жүйүттөрдүн кубанычы койнуна батпай, майрамдап, той өткөрүп жатышты. Өлкөдөгү элдердин көпчүлүгү жүйүттөрдөн коркондуктан, жүйүт болуп алышты.

Аюб 29:14 Мен адилеттиктин кийимин кийип жүрчүмүн, калыстыкты чапан жана баш кийим катары кийип жүрчүмүн.

Акылмандык - Накыл Сөздөр 13:11 Оңой жол менен табылган байлык тез жок болот, ал эми мээнет менен жыйнаган адам байлыгын арттырат.

Акылмандык - Накыл Сөздөр 13:22 Жакшы адам неберелерине да мурас калтырат, ал эми күнөөкөрдүн байлыгы адил адам үчүн сакталат.

Акылмандык - Накыл Сөздөр 22:22,23 Жакырды тонобо, анткени ал жакыр. Бактысыз адамга дарбаза алдында кысым көрсөтпө. 23 Анткени алардын ишине Теңир кийлигишет, аларды талап-тоногондордун жанын алат.

Исаия - Ышайа 35:8 Ал жерде чоң жол болот, ал жол ыйык жол деп аталат. Ал жол менен таза эместер басышпайт, ал жол менен алар гана басышат. Ал жол менен бара жаткан адамдар, атүгүл, тажрыйбасыз адамдар да адашпайт.

Исаия - Ышайа 43:2 Сен суулардан өтүп бара жатканда, Мен сени мененмин,

сен дарыялардан өтүп бара жатканда, алар сени чөктүрбөйт. Оттон өтүп бара жатканда, күйбөйсүң, жалын да сени куйкалабайт.
Исаия - Ышайа 49:25 Ооба! – дейт Теңир. – Күчтүүлөрдүн туткундап алган-дары тартылып алынат, эзүүчүнүн олжосу куткарылат, анткени сенин душмандарың менен Мен кармашам, сенин уулдарыңды Мен куткарам.
Исаия - Ышайа 54:17 Сага каршы жасалган бир да курал сени жеңе албайт, сени менен сотто талашып-тартышкан ар бир тилди сен айыптайсың. Бул – Теңирдин кулдарына Мен берген мурас жана адилдик, – дейт Теңир.
Исаия - Ышайа 59:17,19 Ал чындыкты соот кылып кийди, куткаруу туулгасын Өзүнүн башына кийди. Өч алуу чапанын кийип, кызганчаактыкты жабуу кылып жамынды. 19 Ошондо Теңирдин ысымынан батыштагылар коркушат, Анын даңкынан чыгыштагылар коркушат. Эгерде душман дарыядай каптап кирсе, Теңирдин деми аны кууп жиберет.
Исаия - Ышайа 61:10 Теңир жөнүндө кубаныч менен кубанам, Кудайым жөнү-ндө жаным кубанат. Анткени Ал мага куткаруу чапанын кийгизди, чындыкт-ын кийимин кийинтти. Ал мага күйөөгө таажы кийгизгенсип таажы кийгизди Ал мени колуктуну жасалгалар менен жасалгалагансып жасалгалады.
Жезекиел 22:30 Мен бул жерди кыйратпаш үчүн, алардын ичинен дубал кура турган, Менин алдымда ушул жер үчүн жаракада тура турган адам издедим, бирок тапкан жокмун.
Жезекиел 45:8 Ал – анын жери, анын Ысрайылдагы үлүшү, мындан ары Менин төрөлөрүм Менин элимди кысымга албашы керек, алар Ысрайылга уруулары боюнча жер бериши керек.
Даниел 4:16 Ошондо Белтешатсар деген ат коюлган Даниел бир саатка жакын таң калып турду, ойлору тынчын алды. Падыша ага: Белтешатсар! Бул түш жана анын мааниси сенин тынчыңды албасын, – деди. Белтешат-сар мындай деп жооп берди: Мырзам! Бул түш сени жек көргөндөрдүн түшүнө кирсе гана! Мунун мааниси душмандарыңа болсо гана!
Даниел 7:4 Биринчиси арстанга окшош, бирок анын бүркүттүкүндөй канаттар-ы бар экен. Мен анын канаттары жулунгуча, өзү жерден көтөрүлүп, адамга окшоп бутуна тургуча карап турдум. Ага адамдын жүрөгү берилди.
Закария 4:6 Ошондо ал мага мындай деди: Бул Теңирдин Зоробабылга айткан сөзү: Аскер кошууну менен да эмес, күч менен да эмес, бир гана Менин Рухум менен, – дейт Себайот Теңир.
Матай 24:22 Эгерде ал күндөр кыскартылбаса, эч бир адам куткарылмак эмес. Ал күндөр тандалгандар үчүн гана кыскартылат.
Матай 26:41 Азгырылып кетпеш үчүн, сергек болгула жана сыйынгыла, анткени рух сергек, дене алсыз.
Марк 10:48-52 Көптөр аны тыйып жатышты. Бирок ал: Дөөттүн Уулу, мага ырайым кыла көр! – деп, ого бетер катуу кыйкыра баштады. 49 Ыйса токтоп: Аны чакыргыла, – деди. Ошондо сокур адамга: Коркпо, ордуңдан тур, сени чакырып жатат, – дешти. 50 Ал сырткы кийимин чечип ыргытты да, ордунан туруп, Ыйсанын жанына келди. 51 Ыйса андан: Менин эмне кылышымды каалайсың? – деп сурады. Сокур адам Ага: Устат! Көзүм көрсө экен, – деди. 52 Ошондо Ыйса ага: Бара бер, сени ишенимиң куткарды, – деди. Ошол

замат анын көздөрү көрүп калды. Анан ал Ыйсанын артынан ээрчип жөнөдү. (Матай 20:30-34)

Марк 16:20 Шакирттер болсо бардык жерди кыдырып, Жакшы Кабар таратып жүрүштү. Теңир аларга жардам берип, көрсөтүлгөн кереметтер аркылуу Өз сөзүн бекемдеп жатты. Оомийин.

Лука 14:23 Ошондо кожоюн кулуна: “Жол боюндагыларды, шаар тосмосунун сыртындагыларды келүүгө аргасыз кыл, менин үйүм толсун.

Лука 21:15 Анткени силерге каршы чыккандар каршы тура албагыдай, каршы сүйлөй албагыдай сөз менен акылмандыкты Мен берем.

Лука 21:36 Ошондуктан сергек болгула, боло турган алааматтардын баарынан качып кутула алыш үчүн жана Адам Уулунун алдына келип туруш үчүн, дайыма сыйынгыла!

Жахан 17:15 Мен Сенден аларды бул дүйнөдөн алып кетүүңдү өтүнбөйм, шайтандан сактооңду өтүнөм.

Элчилердин Иштери 11:23 Ал келип, Кудайдын ырайымын көрүп кубанып, бардыгын Теңирге чын жүрөктөн ишенимдүү болууга насааттай баштады.

Элчилердин Иштери 13:48 Бутпарастар муну укканда, кубанып, Теңирди ушул сөзү үчүн даңкташты. Түбөлүк өмүргө ээ болууга тандалгандардын бардыгы Ыйсага ишенип калышты.

1 Коринф - 1 Корунттуктар 10:13 Силер адам баласынын башына келе турган эле сыноолорго туш болдуңар. Кудай ишенимдүү, Ал силердин көтөрө алгыс сыноо менен сыналышыңарга жол бербейт. Сыноону көтөрө алышыңар үчүн, сыноо учурунда чыгуу жолун да берет.

1 Коринф - 1 Корунттуктар 16:9 Анткени мен үчүн эшик кенен ачылды, бирок каршылашкандар да көп.

2 Коринф - 2 Корунттуктар 12:9 Бирок Ал мага мындай деди: Менин сага болгон ырайымым жетиштүү. Анткени Менин күчүм алсыздыкта жеткилең болот. Ошондуктан Машайактын күчү менден орун алат деп, өзүмдүн алсыздыгым менен артыгыраак мактанам.

Эфестиктер 6:11 Шайтандын айла-амалдарына каршы тура алуу үчүн, Кудайдын бардык курал-жарагын кийгиле,

Эврейлер 1:7,14 Периштелер жөнүндө Ыйык Жазууда мындай деп айтылган: Сен Өзүңдүн периштелериңди шамал, кызматчыларыңды жалындаган от кыласың. 14 Периштелердин баары куткарылууну мураска алчуларга кызмат кылуу үчүн, Теңир тарабынан жиберилген кызмат кылуучу рухтар гана эмеспи?

Жакып 4:7 Ошондуктан Кудайга моюн сунгула. Шайтанга каршы тургула, ошондо ал силерден качат.

1 Петир 5:10 Бизди Машайак Ыйса аркылуу Өзүнүн түбөлүк даңкына чакырып алган жана ырайымдын булагы болгон Кудай бир аз убакыт азап тартканыңардан кийин, силерди Өзү жеткилең, бекем, кайраттуу жана туруктуу кылат.